учурап, мезгил сынынан өтпөй калган. Алдында ырчынын чыгармаларын дагы таап, элге тааныштыруу, изилдөө, басып чыгаруу милдеттири турат.

**Адабияттар:**


1. Муратов А. Ноокаттан чыккан ырчылар. Тарыхый-адабий изилдөөлөр [Текст] / Муратов А., Кубанычбек уулу Н. – Б.: 2021. – 16-17-бб. – 144 б.
2. Айтыш. 2-том. «Айтыш» сериясы. [Текст] / Түз.: А.Акматалиев, М.Көлбаева. Б.: «Имак-офсет», 2015. – 232-238-бб.
3. Эл ырчылары. Ырлар [Текст] /Түз.: С.Кайыпов. – Ф.:1981. – 264 б.
4. Барпы. Чыгармалар. Ітом. [Текст] / Түз.: Б.Апилов. – Б.: 2008. – 299-300-бб. 384 б.
5. Таштемиров Ж. Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүктөрү. Адабий изилдөөлөр [Текст] / Ж.Таштемиров. – Ф.: Адабият, 1989. – 45-б.
6. Кошбаев А.Б. Кыргыз эл акындарынын насаат жана санат ырларынын тарбиялык мааниси [Текст] / А.Б.Кошбаев // Вестник ОшГПУ имени А.Мырсабекова. – Ош, 2022. – №1 (19). 171-б. 167-172-бб.
7. Кебекова Б. Ботобай. китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7 томдук. [Текст] / А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. 5-т. – Б.: Шам, 2002. – 326-б.


УДК 82-282 https://doi.org/10.56122/..v1i2.189

# СЫДЫК АЛАЙЧИЕВ – ӨЗ ДООРУНУН БЕЛГИЛҮҮ АКЫНЫ

**Орозалиева Таттуугүл Коңурбаевна - улук окутуучу**
**ОшМПУ** tattuugulorozalieva@Gmail.com

**Аннотация**

Сыдык Алайчиев – XX кылымдын ортосунда кыргыз адабиятында өзгөчөлөнгөн акын, акындык өнөрү аркылуу улуттук рухту, маданиятты жана адамдык сезимдерди чагылдырган. Анын чыгармачылыгы кыргыз поэзиясындагы социалдык темаларды жана адамзаттык моралдык-этикалык маселелерди терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Бул макалада Алайчиевдин поэзиясынын өзгөчөлүктөрү, анын стилистикалык жана тематика жактан байлыгы, ошондой эле акындын коомдук-саясий турмуштагы ролу талданып, анын кыргыз адабиятындагы орду жана маани-маңызы көрсөтүлөт. Акын кыргыз поэзиясында өз изин калтырып, залкар акындардан таалим-тарбия алып, алар менен кошо эриш-аркак аш-тойлордо айтышка түшүп, аларды бирде жеңип, бирде аларга жеңилип отуруп, табиятынан таланттуу жаралган залкар акындар менен поэзияга сүңгүп кирип, ошол мезгилдин белгилүү акындарынан кем калбай ар түрдүү темадагы ырларды жарата алгандыгы камтылды. Айтор, Бала ырчынын андан ары өнөрү кулач жайгандыгы жөнүндө кенен сөз болду.

***Түйүндүү сөздөр*:** поэзия, поэзия, параллелизм, индивидуалдуу, проблема, пафос, доор, дидар, шаан-шөкөт.

# СЫДЫК АЛАЙЧИЕВ - ИЗВЕСТНЫЙ ПОЭТ СВОЕГО ВРЕМЕНИ

**Орозалиева Таттуугүл Коңурбаевна – ст.преп.**
**ОшГПУ** tattuugulorozalieva@Gmail.com

Сыдык Алайчиев-поэт, выделившийся в середине XX века в кыргызской литературе, через свое поэтическое искусство отразивший национальный дух, культуру и человеческие чувства. Его творчество дает возможность глубоко изучить социальные темы и человеческие морально-этические проблемы в Кыргызской поэзии. В данной статье анализируются особенности поэзии Алайчиева, ее стилистическое и тематическое богатство, а также роль поэта в общественно-политической жизни, его место и значение в кыргызской литературе.

Поэт оставил свой след в Кыргызской поэзии, получив наставления от великих поэтов, а вместе с ними и Айтыш на совместных трапезах, то побеждая их, то перетерпев порожения, погружаясь в поэзию с талантливыми от природы великими поэтами и создавая стихи на самые разные темы, не уступающие известным поэтам того времени. Тем не менее, было много разговоров о том, как дальше развивалось искусство мальчика-певца.

***Ключевые слова:*** поэзия, поэзия, параллелизм, индивидуальность, проблема, пафос, эпоха, дидар, шик.

## SYDYK ALAICHIEV IS A FAMOUS POET OF HIS TIME

**Orozalieva Tattuugul Konurbaevna – senior lecturer.**
**Osh State Pedagogical University**

Sydyk Alaichi is a poet who stood out in the middle of the 20-th century in Kyrgyz literature, reflecting the national spirit, culture and human feelings through his poetic art. His work provides an opportunity to deeply explore social themes and human moral and ethical problems in Kyrgyz poetry. This article analyzes the features of Alaichiev's poetry, its stylistic and thematic richness, as well as the poet's role in socio-political life, his place and importance in Kyrgyz literature. The poet left his mark on Kyrgyz poetry by receiving instructions from great poets, and with them Aitysh at joint meals, sometimes defeating them, then enduring the rapids, immersing himself in poetry with naturally talented great poets and creating poems on a variety of topics that are not inferior to famous poets of that time. Nevertheless, there was a lot of talk about how the boy singer's art developed further.

**Key words:** poetry, poetry, parallelism, individuality, problem, pathos, epoch, didar, chic.

XIX кылымда илимдин бардык тармактары өнүгүп, уулу ачылыштар, маданияттын гүлдөгөн доору менен кошо адабиятыбыз да чоң баскычка көтөрүлдү десек болот. Проза, поэзия менен жанданып турган мезгилге Сыдык Алайчиевдин дагы ордун белгилеп кетпесек болбойт. Сыдык Алайчиев ырчылар поэзиясына өз орду бар төкмө акын катары белгилүү. Түштүк акындарынын ичинде Токтогул, Барпы, Бекназар, Нишан, Арзыбай, Ботобай, Орозалы, Ташмат, Мырза, Жолдош, Абдымомун, Амира, Үсөнбай комузчу, Сабан кыякчы, Кара комузчу сыяктуу өнөр адамдарынын ичинен өз орду бар чыгаан талант катары өз доорунда таанылып, кийинки урпактарга белгилүү болду. (2003,5)

Табиятынан ырга шыктуу Сыдык Алайчиевдин өзүнүн орду ырчылар поэзиясында аттын кашкасындай белгилүү болду. Анын ошол мезгилде жазылып калбаган ырларын эске албаганда башка залкар акындардан бөлүп кароого болбойт. Сыдыктын өнөрү 16 жашында байкалып, Курбанбай дегендин тоюна барып ырдайт. Сүт оозунан кете элек 16 жаштагы Сыдык ошол тойдо:

Ырдап келдим, туугандар,
Курбанбайдын тоюна.
Айта берсем түгөнбөй
Ар сөз келет оюма.
Он алты жашка мен чыгып,
Адам болуп жетилдим.
Ата-энеден айрылган
Азап тарткан жетиммин.
Атамдан калдым үчүмдө,
Атанын доорун сүрө албай,
Арманым көп ичимде.
Энеден калдым тогузда,
Калбас эле арманым,
Ата менен эненин
Дидарына тойгузса.
Ата-энеден айрылып,
Агада жүрдүм алты жыл.

Жеңеде жүрдүм жети жыл.
Пешенем тердеп иштесем,
Эмгегиме тан бербейт.
Өгөй жеңе курусун,
Колума бүтүн нан бербейт.
Шор барбы мендей жетимде,
Ый-кайгым турду алкымда.
Жокчулук түшпөй жонумдан,
Жетимдик алып желкемден,
Жыртыгы бүтпөй тонумдун,
Ыраактап ырыс мен келдим.
Арзымды кимге айтмакмын,
Адырдан шыбак чапканмын.
Жыланаяк, жыланбаш
Он алты пада бакканмын.
Ошентип, ыйлап, кыйналып,

Ырчылыкты тапканмын,- деп (2003, 7) ырдап жогорудагы саптар менен эле башынан өткөргөн күндөрүн ыры менен элге жеткире айткан. Чындыгында ата-энеден айрылуу бул – ички жан дүйнөңдүн кайсыл жерге барсаң дагы өксүгү, арманы экендиги айтпаса да белгилүү экенин даана, так көрсөткөн.

Айтор, төкмө акындын тубаса таланты өз мезгилиндеги поэзия сүйүүчүлөрдүн купулуна толду. Ошол учурдун агымында акындын ар бир ырын жазып алууга мүмкүнчүлүк жок болуп, канчалаган чыгармалары көмүскөдө унутулуп калды. Аш-тойлордо ырдаган Сыдык Алайчиевдин андан аркы арышы да улам бийиктен жана берди. Мисалы: 1913-жылы коңшу элдердин даңазалуу тойлору, аштары эл арасынан чыккан элдик кошокчулары, ырчылары, комузчу, кыякчыларынын катышуусунда өтүп, мына ошол шаан-шөкөттү көркүнө чыгаргандардын катарында Сыдыктын Ботобай ырчы менен тамаша иретинде айтышын мисалга алсак: Ботобай ырчы шакиртинин тазына тийишип, чымчып ырдайт:

Мен боломун жакшылар,
Карып калшан чал ырчы.
Жанымдагы отурган –
Жаңыдан чыккан бала ырчы,
Жакжандаган кал ырчы.
Түзүгүрөөк ыры жок,
Алып көрсөң допусун,
Чокусунда жүнү жок.

Бала ырчы да сөздүн куйкумун таап, устатынын ырына жооп кайтарат:

Ээрчитип жүрүп, Ботобай,
Тынчытпадың башымды,
Тыткылап жүрүп, жок кылдың

Төбөмдөгү чачымды, - деп бир топ куйкум сөздөр менен чымчып ырдайт. Ар бир сөздү чукугандай таап ырдаган Сыдык элдин купулуна толуп той ээси тарабынан көрсөтүлгөн сый-урматын баалап, ага да төмөнкүдөй төгүп ырдап аяктайт.

Мага берген ак тону
Эң эле жакшы жарашты.
Көңүлүм өсүп, топ кылдым,
Ала-була тон кийип,
Молдо ыймандай боп калдым.
Атымды көргөн жорго дейт,
Тонумду көргөн молдо дейт.
Билбеген бир кыл адамдар

Молдолугу күмөн дейт.
Тонумду көргөн адамдар
Бир мечитке ыйман дейт, - деп ырдайт.

Ушуну эле күтүп тургансып, баятан шакиртимен жеңилип калдым деген ойдо отурган Ботобай:

Башыңды билген адамдар
Сени ыйман кылабы?
Билбестен ыйман кылышса,
Башыңа селде турабы?
Шариятта бала ырчы,

Кал ыйманга жарабайт,- деп шакиртин жеңген экен. Акындын башынан мына ушундай окуялар далай жолу кайталанып, аны такшалтып, өнөрүнө өнөр кошуп, андан ары шыгына шык кошуп, улам бийиктете берет. Дегеле Бала ырчынын андан ары арышы улам кулач жайып отуруп белгилүү акындарыбыз Токтогул, Барпы, Бекназар, Нишан, Арзыбай ж.б. сыяктуу акындар менен беттеше келип алардан көп нерселерди үйрөнөт. Ошол мезгилдин жаңы мазмунуна, темасына айланып отуруп, акындын андан аркы талантына жаңы заман, теңчилик анын демине дем берип, чыгармачылык шыгын арттырды. 130-бет.1981

Чыныгы ойчул акын сөз багат. Сөздүн ордун, ойдун чындыгын таап, айтыш учурунда узун жамактан, төгүлүп айтылган ыр түрмөгүнөн бир илинчек таап, ошол аркылуу ак-кара, жакшы-жаман ылганып, атаандашын каптап, сөзгө жыгуу ырчылыктын салты. Мындай кызыктуу айтыштар угуучунун кулагынын курчун кандырып, ошол салтанатты шаңга бөлөйт. Ырчы-калктын жарчысы. (2003-ж.14-бет.)

Айтор, акын ар түркүн темаларга кайрылып, сөздүн кудуреттүү күчү менен башкалардан бөтөнчө ырдап өттү десек болот. Акындын өмүр, өлүм, жакшылык, жамандык, аруулук сыяктуу жалпы адамзаттык проблемаларга арналган санат, терме, насаат ж.б. ырларында тарбиялык, дүйнө таанууучулук мааниси зор күчтө жазылган. Мисалы: Жакшы ат менен жакшы аялды жогорку пафосто көрсөтөт.

Алдыңда күлүк ат болсо,
Кутулуп кетпейт кууганың.
Жакшы аял алгандын
Ажырап кетпейт тууганың.
Жаман болсо алганың,
Жалкоо чыгат балдарың.
Ооматы келген жигиттин
Күлүк болот мингени,
Күлүп сүйлөйт сүйгөнү.
Жаман аял алгандын
Жакасы кир, жеңи жок
Жаман чапан кийгени
Ат жаныбар күлүктү
Акырдуу жерге байлатсаң,
Ак арпа менен бедени
Алпештеп гүлүн чанатсан...
Арзылап келген мейманды
Ак үйүңө киргизсең.
Жакшы болуп алганың,
Алдыңдан чыгып утурлап,
Адамгерчилик кылганың
Атайлап шого билгизсең... - деп параллелизмдик салыштыруу менен ырдайт. Ар бир сабында жан бар. Анткени турмуш чындыгын ырга салып, кулакка күмүш сырга катары угузат. Бүгүнкү күндүн негизги темасы мына ушул саптарга дал келип калгандай сыяктанат.

Сөздүн касиеттүү күчүн, эң керемет ыргактары менен кошо сөздү шурудай тизип, адегенде эле кулакка атылган октой таасир этерин дагы бир ирет баса белгилеп айтты. Ошол мезгил менен кийинки өзгөргөн замандын баарын ырга кошуп, ыры менен далилдеп, белгилеп кетти.

Акындын табиятында эң жогорку касиет-сапат анын индивидуалдуулугун аныктап тургандыгы жогорудагы мисалдар далил боло алат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. “Эл ырчылары” жыйнагы. Түзгөн: С.Кайыпов., Фрунзе, “Кыргызстан” – 1981.
2. Г.Орозова., “Сыдык Алайчиев (Бала ырчы).,”
3. Б.Сыдыков “Өмүр дастаны”., Б – 2015.
4. Кыргыз адабияты: энциклопедиялык окуу куралы/Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, - Б.: 2004
5. https://muras.turmush.kg/unews/un_post:2543

---

УДК 398.83 https://doi.org/10.56122/..v1i2.186

## СЫДЫК АЛАЙЧИЕВДИН ЫР САПТАРЫНДАГЫ ТААЛИМ-ТАРБИЯ ЖАНА КООМГО ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

***Оморова Тинатин Мурзабаевна***
*ОшМПУ “Кыргыз тили жана адабияты”*
*кафедрасынын доценти. E-mail: tinatin.75@mail.ru*

***Аннотация:*** *Бул макалада бала ырчы аталган Сыдык Алайчиевдин ыр саптарындагы таалим-тарбия жана коомго тийгизген таасири көрсөтүлөт. Чыгармаларынын арасынан тандалып алынган ыр саптарына талдоо жүргүзүлдү. Автордун чыгармалары аркылуу азыркы муундарга адептүүлүк заман тандабастыгын жана өз доорунда айтылган насаат сөздөрүнүн азыркы учурга чейин актуалдуу тема экендигине анализ берилди. Акындын чыгармаларында адеп-ахлак, билим алуу, эмгекти сүйүү жана улуттук идентичтикти сактоо темалары үстөмдүк кылат. Алайчиевдин поэзиясы жаш муундарды тарбиялоодо жана коомдогу жакшы мүнөздөрдү өнүктүрүүдө зор ролду ойнойт. Ырларында патриоттук сезимдер, улуттук салттар жана биримдикке чакырыктар орун алат. Автор ар бир чыгармасында түрдүү маанидеги тарбия берүүчү чакырыктар менен тыгыз иштейт. Негизги көңүл жашоодогу эң маанилүү маселе болгон адамдык сапаттын туу чокусу үлгүлүү жашоо экендигине багытталат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *тарбия, адеп-ахлак, билим алуу, эмгекти сүйүү, коомдун таасири, ак-караны айырмалоо, улуттук баалуулуктар.*

## ПРЕПОДАВАНИЕ И ВОСПИТАНИЕ В СТИХАХ СЫДЫКА АЛАЙЧИЕВА И ИХ ВЛИЯНИЕ НА ОБЩЕСТВО

***Оморова Тинатин Мурзабаевна***
*Доцент кафедры Кыргызского языка и литературы, ОшГПУ*
*E-mail: tinatin.75@mail.ru*

*В данной статье показано влияние образования и общества в стихах Сыдыка Алайчиева, так называемого ребенка-певца. Проанализированы стихотворения, выбранные из его произведений. Через произведения автора современным поколениям был дан анализ того, что нравственность – это не вопрос времени и что слова советов, данные в его время, по-прежнему являются актуальной темой. В творчестве поэта преобладают темы нравственности, воспитания, трудолюбия и*